**К.Эшенкулов атындагы Тору-Айгыр жалпы орто билим берүү мектебинин**

**2017-2018-окуу жылындагы окуу жана тарбия иштери боюнча жарым жылдык маалыматы.**

**I. Кадрлар менен иштөө боюнча:**

I жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча мектепте 38 мугалим эмгектенип жатат, алардын ичинен:

-жогорку билимдүү: 31 мугалим;

- атайын орто билимдүү: 6 мугалим;

-бүтпөгөн жогорку билимдүү: 1мугалим.

Ошондой эле 7 КР билим берүүнүн отличниги эмгектенет.

Мектептин педагогикалык составы окуу жылынын башында 3 жаш кадр менен толукталды. Жаңы кабыл алынган жана иштегенине 3 жыл толо элек 6 жаш кадрларга насаатчылар бекитилип, пландары түзүлүп, иш алпарылып жатат.

2017-2018-окуу жылында мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча перспективалык пландын негизинде курстарга жиберүү пландалууда.

**(I жарым жылдык)**

| № | Мугалимдердин аты-жону | Предмети | Курска баруу убактысы. |
|---|---|---|---|
| 1 | Садыкова Н. | Башталгыч класс | 11.12. - 24.12.2017 |
| 2 | Тимур кызы Рыскул | Англис тили | 27.11.17 - 10.12.2017 |

**(I I жарым жылдык)**

| № | Мугалимдердин аты-жону | Предмети | Курска баруу убактысы. |
|---|---|---|---|
| 1 | Токтомамбетова Б. | Башталгыч класс | 2.04.18-15.04.18 |
| 2 | Азыкбекова А. | Орус тили | 30.04.18-13.05.18 |

Башталгыч класстын мугалимдери мамлекеттик стандарт боюнча өткөрүлгөн тренингдерге катышышты жана мектеп ичинде да методистер тарабынан “Интерактивдүү усулдар” деген темада мугалимдерге тренинг өткөрүлдү.

## II. Окуу процесси боюнча:

2017-2018-окуу жылынын I чейрегинин  жыйынтыгы боюнча

отличниктер-17/14,

ударниктер- 79/62 болуп,

өздөштүрүү – 25,9% түздү.


2016-2017-окуу жылынын IV чейрегинде

отличниктер 27/24;

ударниктер-103/ 75 болуп,

өздөштүрүү-30,5% түзгөн.(динамика -0,6)


| Жылдык 2016-17 | I чейрек | Динамика 2016-17-2017 -18 I чейрек |
|---|---|---|
| 30,5% | 25,9% | -4,6% |




2016-2017-окуу жылынын жылдыгы менен 2017-2018-окуу жылынын I чейрегин салыштырганда -4,6% кемүү болгон, себеби 2-класстарга чейрек чыкпаганы.


**К.Эшенкулов атындагы Тору-Айгыр жалпы орто билим берүү мектебинин 2017-2018-окуу жылынын I чейрегиндеги 3-11-класстары боюнча өздөштүрүү мониторинги.**

| № | Класс тар | Жылдык 2016-17 | I чейрек | II чейре к | III чейрек | IV чейрек | Жылдык 2017-18 | Динамика Жылдык 2016-2017- I чейрек 2017-2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2-а | | | | | | | |
| 2 | 2-б | | | | | | | |
| 3 | 3-а | 28% | 32% | | | | | +4 |
| 4 | 3-б | 26% | 20% | | | | | -6 |
| 5 | 4-а | 39,5% | 44% | | | | | +4,5 |
| 6 | 4-б | 32,7% | 35% | | | | | +2,3 |
| 7 | **2-4 кл.** | **31,55%** | **32,75 %** | | | | | **+1,2** |
| 8 | 5-а | 26,9% | 27% | | | | | +0,1 |
| 9 | 5-б | 36,2% | 28,5% | | | | | -7,7 |
| 10 | 6-а | 26,2% | 16,4% | | | | | -9,8 |
| 11 | 6-б | 35,9% | 21,7% | | | | | -14,2 |
| 12 | 7-а | 43,4% | 37,5% | | | | | -5,9 |
| 13 | 7-б | 31,9% | 27% | | | | | -4,9 |
| 14 | 8-кл | 21,9% | 13,8% | | | | | -8,1 |
| 15 | 9-а | 25,1% | 18% | | | | | -7,1 |
| 16 | 9-б | 23,9% | 18% | | | | | -5,9 |
| 17 | **5-9-кл .** | **30,1%** | **23,1%** | | | | | **-7** |
| 18 | 10-кл | 23,5% | 20% | | | | | -3,5 |
| 19 | 11-кл | 25,1% | 23,8% | | | | | -1,3 |
| 20 | **10-11-кл.** | **24,3%** | **21,9%** | | | | | **-2,4** |
| 21 | **2-11-к л.** | **28,65%** | **25,9%** | | | | | **-2,75** |




**К.Эшенкулов атындагы Тору-Айгыр жалпы орто билим берүү мектебинин 2017-2018-окуу жылынын II чейрегиндеги 3-11-класстары боюнча өздөштүрүү мониторинги.**

| № | Класс тар | I чейрек | II чейрек | III чейре к | IV чейре к | Жылдык 2017-18 | Динамика I-II чейрек 2017-2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2-а | | | | | | |
| 2 | 2-б | | | | | | |
| 3 | 3-а | 32% | 32% | | | | |
| 4 | 3-б | 20% | 30,4% | | | | 10,4 |
| 5 | 4-а | 44% | 44% | | | | |
| 6 | 4-б | 35% | 35% | | | | |
| 7 | **2-4 кл.** | **32,75 %** | **35,35%** | | | | **+2,6** |
| 8 | 5-а | 27% | 21,7% | | | | -5,3 |
| 9 | 5-б | 28,5% | 28,5% | | | | |
| 10 | 6-а | 16,4% | 12,48% | | | | -3,92 |
| 11 | 6-б | 21,7% | 23,7% | | | | +2 |
| 12 | 7-а | 37,5% | 33,3% | | | | -4,2 |
| 13 | 7-б | 27% | 34,4% | | | | +7,4 |
| 14 | 8-кл | 13,8% | 13,8% | | | | |
| 15 | 9-а | 18% | 24,5% | | | | +6,5 |
| 16 | 9-б | 18% | 19,4% | | | | +1,4 |
| 17 | **5-9-кл .** | **23,1%** | **23,53%** | | | | **+0,43** |
| 18 | 10-кл | 20% | 26% | | | | +6 |
| 19 | 11-кл | 23,8% | 23,8% | | | | |
| 20 | **10-11-кл.** | **21,9%** | **26,9%** | | | | **+5** |
| 21 | **2-11-к л.** | **25,9%** | **27,7%** | | | | **+1,7** |




К.Эшенкулов атындагы Тору-Айгыр жалпы орто билим берүү

мектебинде 2017-2018-окуу жылынын

I чейрегинде 472/218 окуучу аяктады.

Анын ичинен отличник 17/14 окуучу, ударник 79/62 окуучу,

“2” чыккан окуучу- жок,

өздөштүрүү 25,9 % ды түздү.

К.Эшенкулов атындагы Тору-Айгыр жалпы орто билим берүү

мектебинде 2017-2018-окуу жылынын


II чейрегинде 470/246 окуучу аяктады.

Анын ичинен отличник 20/14 окуучу, ударник 81/60 окуучу,

“2” чыккан окуучу- жок,

өздөштүрүү 27,7% ды түздү.

| | |
|---|---|
| 1-чейрек | 25,9% |
| 2-чейрек | 27,7% |





2016-2017-окуу жылына салыштырмалуу 2017-2018-окуу жылынын I чейрегине салыштырмалуу II чейрегинде +1,7% өсүш болду.

**2017-2018-окуу жылынын 1-жарым жылдыгы боюнча предметтик мониторинг-диаграммасы**

| № | Предметтер | 1-чейрек | 2-чейрек | Динамика |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Математика | 35,4% | 36,5% | +1,1% |
| 2 | Алгебра | 28,7% | 28,4% | -0,3% |
| 3 | Геометрия | 28,8% | 29,5% | +0,7% |
| 4 | ОИВТ | 42,1% | 43,8% | +1,7% |
| 5 | Химия | 43,1% | 39,8% | -3,3% |
| 6 | Физика | 35,6% | 37,2% | +1,6% |
| 7 | Биология | 48,4% | 49% | +0,6% |
| 8 | География | 43,4% | 42,6% | -0,8% |
| 9 | Кыргыз тили | 41,6%% | 46% | +4,4% |
| 10 | Кыргыз адабияты | 43,6% | 46% | +2,4% |
| 11 | Орус тили | 42,3% | 40,1% | -2,2% |
| 12 | Орус адабияты | 39,4% | 46,2% | +6,8% |
| 13 | Англис тили | 32,4% | 35,3% | +2,9% |
| 14 | Кыргызст.тарыхы | 42,8% | 43,1% | +0,3% |
| 15 | Дүйнө тарыхы | 40,1% | 43,1% | +3,0% |
| 16 | Адам жана коом | 46,5% | 48,9% | +2,4% |
| 17 | Көркөм өнөр | 80,6% | 81,6% | +1% |
| 18 | Чийүү | 37,4% | 37,4% | - |
| 19 | Эмгекке үйрөтүү | 73,4% | 62,3% | -11,1% |
| 20 | Дене тарбия | 95,6% | 96% | +0,5% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 21 | Музыка | 57,2% | 62,8% | +4,4% |
| 22 | Адеп | 47,3% | 51% | +2,7% |
| 23 | ТТКН | 61,3% | 57,6% | -2,7% |




## III. УЮШТУРУУ жана ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР

2017-2018-окуу жылынын К.Эшенкулов атындагы Тору-Айгыр жалпы орто билим берүү мектебинде тарбия иштери боюнча анализ.

1-сентябрь-Билим кунуно карата «Алгачкы конгуроо» салтанаттуу жыйын откорулду. «Мен Кыргызстанда жашайм» деген темада 1-4-класстарда , «Мен учун билимдуу адептуу жана маданияттуу болуу деген эмне?» деген темада 5-8-класстарда, «Олкобуздун жаны багытта онугуусуно оз салымымды кошкум келет» деген темада 9-11-класстарда тарбиялык сааттар откорулгон.

«Эгемендуулук кунуно»карата класстар аралык сурот сынагы, мелдештер жана спорттук иш-чаралар отулуп турат.

23-сентябрь Мамлекеттик Тил кунуно карата 1 айлык жарыяланып сентябрдан октябрга чейин балдардын чыгармачылыгын аныктоочу иш чаралар отулуп турду. Кыргыз тили мугалимдери Токтомамбетова Г. Токтомамбетова А. Орузбекова Г. Байбосунова К. Мурзаканова С. буга жооптуу болушуп жыйынтыктарын чыгарышты.

Ар жума сайын мектептин айланасында ишембиликтер откорулуп турат.

График боюнча ата-энелер чогулушу откорулуп турат.

Спорттук иш чаралар аркылуу “Кылмыштуулукту болтурбайбыз” деген ураандын алдында кыйындык менен тарбияланууучу балдардын катышы менен спорттук оюндар отулду. ФАП жана АДК кызматкерлери менен бирдикте санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо жана сасык тумоо оорусу боюнча 1-11-класстарга лекциялар жана тушундуруу иштери жургузулгон.

1-октябрь Карылар кунуно карата тарбиялык сааттар откорулуп, тимурчулар тобу жандандырылып кары адамдарга чарбачылык жардам корсотулду, 2 ардагер мугалим менен окуучулардын жолугушуусу кызыктуу болду .

5-октябрда “Мугалим момолуу дарак” деген темада мектеп парламенти озун-озу башкарууну уюштуруп, дублерлор куну катары жарыяланып, парламент мучолору класстарга сабак отушуп жана мугалимдер учун концерттик программасын тартуулашты.

Жыл ичинде ачык тарбиялык сааттар отулду . Планда белгиленген ачык тарбиялык саатардын 70% класстык саатардын 50% оз убагында отулду. Оз убагында отпогондорго эскертуу берилди.

“Мен жана ата-энем-спорт менен “ 1-4-класстар арасында мелдеш отулду.

25-октябрда «Куз майрамы» сынагы 1-11-класстардын окуучуларынын ортосунда отулуп, мыкты даярдыктар менен чыгышты.

Окуучуларды патриоттуулукка, маданияттуулукка тарбиялоо максатында жыл сайын Жогорку Кенешке, кыргыз драма театрына, Буранага (орто кылымдагы архитектуралык эстелик) экскурсия уюштурулуп турат.

9-11-класстардын окуучуларын кесипке багыт беруу боюнча жогорку окуу жайлардын мугалимдери менен жолугушуп, ар бир кесиптин адистеринен кенештерди жана багыттарды ала алышат.

Октябрдын акыркы жумасында “Икибана” гулдордун коргозмосу откорулду.

Ноябрь айынын 1-жумасында “Биз терроризмге каршыбыз” деген темада 1-11-кластар арасында тарбия сааттар откорулуп, мектепке кезмет уюштурулуп, журнал ачылды.

Ноябрь айында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында “Биз кылмыштуулукка каршыбыз” деген темада КВН откорулду. КВНге 8-класстын окуучулары жогорку денгээлде катышышты.

Ноябрь айынын 2-жумасында кылмыштуулукту болтурбоо максатында спорттук оюндар отулду.

"Керемет" куурчак театры тарабынан уюштурулган "Музыкалуу аралча" деген темада сахналаштырылган кече болуп отту.

Жогорку класстын окуучулары учун "Ар бир кесип ардактуу" деген темада тегерек стол откорулду.

1-декабрда «СПИДге каршыбыз « акциясы, Тегерек стол ,дилбаян, кереге гезит ж.б. иш чаралар менен коштолду.

3-декабрда "Майыптар" кунуно карата кайрымдуулук акциясы жарыяланып, 26-декабрда майып балдар учун уюштурулган жаны жылдык кечеге окуучулар тарабынан даярдалган белектер тапшырылды.

4-декабрда мектепте "Кыргызды Манас сактаган, Манасты кыргыз данктаган" деген темада 1-11-класстар арасында "Жаш манасчы"сынагы откорулуп, мыкты манасчылар аныкталды,оздорунун мыкты талантын корсотушту.

12-декабрь Ч.Айтматовдун туулган кунуно карата "Чынгыз жана анын каармандары" аттуу 1-4-класстар арасында сурот сынагы, 5-8-класстар арасында дубал гезиттер сынагы, 9-11-класстар арасында дилбаяндар сынагы жана адабий музыкалык эскеруу кечеси откорулгон.

"Сарык оорусунан кантип сактануу керек?", "Сасык тумоодон сактан" , "Суицид", "Тамеки ден-соолукка зыян", "Кызамыкка каршыбыз" ж.б.темаларда жазуу иштери жургузулгон.

"Мекеним менин-Кыргызстан" деген темада сурот коргозмосу откорулду.

25-декабрда Жалпы мектеп окуучулар учун Жаны жылдык балаты сахналаштырылып , жогорку денгээлде откорулду.

**Уюштуруу жана тарбия иштери боюнча директордун орунбасары Сагынова Гүлнара**

## IV. Социалдык педагогдун иштеринин баяндамасы

Август кенешмесинен кийин соцпедагогдун иш планы МӨП кө киргизилди. Мектептин социалдык паспортун түзүү максатында жалпы окуучулардын социалдык жактан курам-катышы аныкталып, томолой жетимдердин, жарым жетимдердин, ата-энеси чет жакта иштеп жаткан окуучулардын, турмуш шарты оор окуучулардын, мүмкүнчүлүгү чектелген ( майып) жана инклюзивдик окутууга муктаж окуучулардын, окууга

тартылбаган окуучулардын, мектептин ички көзөмөлүндө турган "Опуртал топтогу" балдардын тизмелери аныкталды. Ар бир класстын социалдык паспортун түзүү боюнча класс жетекчилерге тапшырма берилди. Социалдык байкоо жүргүзүү үчүн Тору-Айгыр жана Кызыл-Өрүк айылдары микроучастокторго бөлүнүп, картасы чийилип, мугалимдерге милдеттендирилди. Үй бүлөлөр менен жекече иш алып баруу Ысык-Көл райондук Үй бүлө жана балдарды коргоо бөлүмү жана Тору-Айгыр айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкерлери менен макулдашып, стабилдүү эмес үй бүлөлөргө көзөмөл кылуу картасы иштелип чыкты.

**Сентябрь.** Мектептин социалдык паспортун кайрадан түзүү максатында жалпы окуучулардын социалдык жактан курам – катнашына диагностика жүргүзулүп, класс жетекчилер менен бирдикте класстарлын социалдык паспорту түзүлдү. Үй бүлөлөрдүн социалдык жагдайына байкоо жүргүзүп туруу үчүн Тору-Айгыр жана Кызыл –Өрүк айылдары микроучастокторго жиктелип, картасы чийилип, ар бир мугалимге 10-15 түтүн бөлүнүп берилди.

Мисалы: 1. Микроучастоктогу окууга тартылбаган балдарды аныктоо.

2. Үй бүлөнүн абалы менен жакындан таанышуу

Ысык-Көл райондук Үй бүлө жана балдарды коргоо бөлүмү жана Тору-Айгыр айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкерлери менен макулдашып, үй бүлөлөр менен жекече иш алып баруу планы каралып, стабилдүү эмес үй-бүлөлөргө көзөмөл кылуу картасы иштелип чыкты.

"Балдардын категориялары" файлы түзүлдү.

Булар: 1. Жетимдер; 2. Жарым жартылай жетимдер; 3. Социалдык жетимдер; 4. Аяр мамилеге муктаж окуучулар; 5. Көйгөйлүү үй бүлөдөгүлөр; 6. Аз камсыз, жашоо шарты оорлор; 7. Мүмкүнчүлүгү чектелген майып жана инклюзивдик окутууга муктаждар; 8. Диний тарбиядагылар; 9. Окууга тартылбагандар; 10. Ички жана тышкы миграциянын балдары.

ИДН дин жаңы инспектору Рыспекова Баяна окуучулар менен таанышып, окуучулук эрежелер боюнча аңгемелешүү жүргүзүлдү. Томолой жетим, жарым жартылай жетим, социалдык жетим окучулардын тизмеси такталды. Мектептин учетунда турган окуучулар

менен бирдикте иш чараларды иштеп чыктык. Бул иш чаралар боюнча окуучулар спорттук оюндарды ойношту.

Сентябрдын 2-жумасында

1) Жетим, начар жашаган окуучулардын үйлөрүнө рейд жасап, шартын билүү, менен эмнеге муктаж экенин аныктадык.

2) Кооптуу үй бүлөдөгү окуучулар жөнүндө жалпы маалымат топтолду.

3) Ички жана тышкы мигранттын балдарын тактап чыктык

4) Мектепке жаңы келген же которулуп келген окуучулар боюнча малымат алып, көйгөйлөрү изилденди.

Сентябрдын 3-жумасында " Тобокел" тобундагы окуучулардын тизмеси түзүлдү жана ал окуучулар менен иш жүргүзүлдү, аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү.

Айыл өкмөтү, ата-энелер комитети менен кооптуу үй бүлөлөргө, жетим балдардын үйлөрүнө рейд жүргүздүк. Натыйжада аларга жардам көрсөтүлдү. Сентябрдын ар бир жумасында рейрке чыгып турдук. Сентябрдын аякы жумасында мектепке жаны келген окуучуларды адаптациялоо жана алардын келүү себептерин аныктадык.
**Октябрь.** Түзүлгөн планга ылайык иш чаралар жүргүзүлдү. Укук бузуулардын алдын алуу максатында мектеп парламенти менен бирдикте спорт оюндары уюштурулду. 28-октябрда жыйынтыгы чыгарылды.
1-октябрь "Карылар күнүнө" карата "Тимурчулар" топтору (5-10-кл) эмгек жана согуштун ардагерлерине өз ара жардам көрсөтүштү. Мугалимдер күнүндө "Көңүлдү оюндар" эстафеталык оюндар уюштурулду.Окуучулар майрамга карата дубал гезиттерди чыгарышып, концерттик программа тартуулашты.

7-класстар арасында мушташ фактысы болгондугуна байланыштуу алардын ата-энелери жана ИДН инспекторунун катышуусунда аңгемелешүү болду. Уруштун чыгуу себептери аныкталып, балдар элдешип, алардын тартиби оң жолго коюлду. Күзгү каникул учурунда окуучулардын кылмыштуулукка жана ошондой эле жаман жолго түшпөсүнө карата спорт оюндары, окуу залы, компьютер кабинети иштеди. "Суицид-коркунучтуу көрүнүш" темасында 8-11-класстар арасында Тегерек стол уюштурулду. Укук бузуу темасында 11 мугалим

ачык тарбиялык саат өткөрүштү. “Тамеки чегүү өмүргө зыян”, “Насывай чегүү жаман адат”, “Аракечтик- коркунучтуу дарт”, “Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста” ж.б. темадагы тарбиялык сааттар окуучуларга жигердүү таасирин калтырды.

Укук бузуунун алдын алуу кенеши 7$^{б}$-класстын окуучусу Шакиров Адил сабакта тынч отурбагандыгы, тентектиги, предметтик мугалимдердерди укпагандыгы, тапшырма аткарбагандыгына байланыштуу ишин карап чыгып, таэнесине жана класс жетекчисине үйдө жана мектепте көзөмөл кылуу ал эми соцпедагогго аны менен аңгемелешүү милдеттендирилди. Укук бузуунун алдын алуу максатында оюн зоок кечелери уюштурулду.

**Ноябрь** айы. Түзүлгөн планга ылайык иш чаралап жүргүзүлдү. I чейректин жыйынтыгы боюнча ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, ата- эне жана мектеп ортосундагы мамиле чыңдалды. Чогулушка 150 ата-эне катышып, балдары тууралуу маалымат ала алышты. Көйгөйлүү үй бүлөлөргө рейд жүргузүлдү. Көгөйлүү окуучу деп катталган 9$^{б}$-класстын окуучусу Абдыкадыров Бекболдон тууралуу класс жетекчиси Абдыраимова Мирадан билдирүү түшкөн. Билдирүүдө Бекболдун сабакка келбегендиги билдирилген. Бул билдирүүнүн негизинде соцпедагог Байбосунова К , 9$^{б}$-класстын класс жетекчиси Абдыраимова М, ИДН кызматкери Рыспекова Б болуп Бекбодун үйүнө рейд жүргүзүлдү. Рейд учурунда Бекбодун апасы менен маектештик. Үй-бүлө ажырашкан. Бекбол апасы менен Тамчы айылында жашайт. Атасы ичкиликке берилген. Бул сүйлөшүүдө БекболгоКош-Көл айылындагы кесиптик лицейде окуусун сунуштадык.

Бул сунушту Бекбол да, апасы да туура кабыл алып, Бекболдун апасы уулун лицейден окута тургандыгын айтып, убадасын берди. Натыйжада бул үй-бүлөнү Рыспекова Б ИДН учетуна алынгандыгын билдирди. Кооптуу үй бүлө болгон Кызыл-Өрүк айылынын тургуну 4$^{а}$-классынын окуучусу Болотова Маликанын үйүнө рейд жүргүзүлдү. Бул үй бүлө ажырашкан. Атасы таштап кеткен. Апасы шаарга иштеп кетет. Балдар көп убакта өздөрү калат. Аз камсыз үй бүлө. Бул үй бүлөнү Айыл өкмөтү менен биргеликте көзөмөлгө алып, жардамдар берилүүдө. Ноябрдын акыркы жумасында ИДН кызматкери окуучулар менен жолугушуп, окуучуларга кылмыш кодексин тааныштырды.

**Декабрь айы.** 1-декабрда "Биз спидке каршыбыз" акциясы мектеп аянтында өткөрүлүп, АДК менен семинар өтүлдү. ФАП жана ҮДТ кызматкерлери менен жолугушуу 9-11-класстар менен болду. 3-декабрь Бүткүл дүйнөлүк майыптар күнүнө карата кайрымдуулук акциясы башталды. Натыйжада 28- декабрда мүмкунчүлүгү чектелген балдар арасын кайрымдуулук Балатысы өткөрүлдү. Кайрымдуулук акциясынан чогулган белектер мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга берилди. 10-декабрда адам укуктардын эл аралык күнүнө карата "Биз жана укук" темасында диспут таймаштар өткөрүлдү. 21-декабрда мектеп окуучуларынын Жаны жылдык Балаты кечеси өткөрүлдү. Ата-энелер комитети мыкты катышуучуларга белек даярдап беришти.

Окуу жылынын I жарым жылдыгында негизги тартип бузуу катары кечигүү, сабакты калтыруу эсептелди. Мектеп рекетине байланыштуу жолугушуу, тарбиялык сааттар, ар кандай иш чаралар өтүлүп, алар жакшы жыйынтык беришти. Натыйжада салык салуу фактысы катталган жок. Соцпедагогдун иши канааттандырарлык деп табылды. Кышкы каникул учурунда окуучулардын кылмыштуулукка жана ошондой эле жаман жолго түшпөсүнө карата спорт оюндары, окуу залы, компьютер кабинети иштеди. Соцпедагогдун каникул учуруна карата иш планы иштелип чыгып, ишке ашырылды. Томолой жетимдер, жарым жартылай жетимдер, социалдык жетимдер, аяр мамилеге муктаж окуучулар, көйгөйлүү үй бүлөдөгүлөр, аз камсыз, жашоо шарты оор окуучулар, мүмкүнчүлүгү чектелген майып жана инклюзивдик окутууга муктаж окуучулардын, мектептин ички көзөмөлүндө турган "Опуртал топтогу" балдардын үйлөрүн кыдырып, алар менен тыгыз байланышта болдук .Жаңы жыл каникул күндөрү кылмыштуулуктун алдын алуу максатында кечки рейддер уюштурулуп, окуучулардын тартиби көзөмөлгө алынды.

Соцпедагог: Байбосунова Көйкөл

**V. Ички көзөмөл**

2017-жылдын август айында мугалимдердин функционалдык милдеттери бөлүштүрүлүп, бекитилди.
2017-2018-окуу жылына окуу пландары, иш пландар түзүлуп, бекитилди.

Август учёту такталып, класс комплектилер түзүлүп, бекитилди.
Сентябрь айында класстык журналдар менен камсыз кылынды, алардын толтурулушуна көзөмөл кылынды.
Окуучулардын келип кетүүсү такталды, алфавит китеби толтурулду, окуучулардын өздүк делолору такталды.
Окуучулар окуу китептери менен 74% камсыз болушту

Окуучулардын соц-к абалын такталды.

ЖРТгө, олимпиадага даярдоо пландары түзүлдү. Даярдоого тиешелүү предметтик мугалимдер бекитилди.

Окуучулардын ден соолугун чындоо жана козомолдон откоруу максатында медициналык кароо уюштурулду.
Окуу кабинеттеринин абалы текшерилип, жашылдандыруу, эстетикалык жактан жабдуу иштери жүргүзүлдү.
Октябрь айында окуучулардын дневниктери,жазуу дептерлери,тесттик,текшеруу, дил баян дептерлеринин абалдары текшерилди.
Ноябрь-декабрь айында мектеп ичинде олимпиада өткөрүлүп, райондук деңгээлдеги олимпиадага катышуучу окуучулар аныкталып, даярдык көрө башташты.
2-4-класстарда окуп, түшүнүүсү боюнча административдик текшерүү жүргүзүлүп, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылды.

## VI. Усулдук кеңештин жана бирикмелердин иштери

Мектепте 29.08.2017. №1- педкеңешме шайлаган Усулдук Кеңеш иштейт.Анын сапаттуу курамына 11 киши сунушталды. Усулдук кеңештин сапаттык курамы директор Б.А.Жунусовдун сунушу менен өзгөртүлдү. 29.08.2017. №1 – педкеңеште анын жетекчилигине КР билим берүүнүн отличниги, жогорку категориядагы мугалим Мамбетов Талайбек Керимбекович шайланды. Жооптуу катчылыгына башталгыч класс мугалими Токтомамбетова Бурул Айнидиновна бекитилди. УК мүчөлүгүнө төмөнкүлөр киришти: Абирова А.А, КР билим берүү отличниги, насаатчы, Кабашова А.А, КР билим берүү отличниги, Эл аралык Тынчтык корпусунун тренер-мугалими, окуу-тарбия бөлүмүнүн башчысы, КР профсоюз отличниги Акымбаев Н.Т., мектеп организатору Сагынова Г.З., “Башат” усулдук бирикмесинин жетекчиси Тентиева Н.Я, “Интеграл” усулдук бирикмесинин жетекчиси Абдраимова М.К, “Сабат” усулдук бирикмесинин жетекчиси Мурзаканова С.Д, “Биосфера” усулдук бирикмесинин жетекчиси Өмүралиева Р. И. 9.0917. Усулдук кеңешме болуп өтүп, УК тин жылдык иш-планы кабыл алынды жана УК максаттары менен милдеттери каралды. Октябрь айынан баштап предметтер боюнча ачык сабактар декадалары өттү.

16.10.17-ж. адабият сабагынан муг.Кыдырова Назгүл 5-б классына Ы.Шайбековдун “Кайран эл” чыгармасы боюнча ачык саат өттү.

16.10.17-ж. мугалим Токтомамбетова Анаркан “Кыргыз элинин жазуулары” темасында кыргыз тилинен ачык сабак өттү.

Биология мугалими Мукамбетова Динар 6-а классына “Урук жана анын түрлөрү” темасында ачык сабак өттү.

Мугалим Өмүралиева Рыскүл 9-б класска география предмети боюнча “Электр энергиясы” деген темада ачык сабак өтүштү.

Математика мугалимдери Абирова Алтын 5-6-класстарга “Акыл ордо” , Абдыраимова Мира 8-9-класстарга “Акыл ордо” өтүштү.

**УСУЛДУК КЕҢЕШТИН САПАТТЫК КУРАМЫ:**

| № | Мүчөлөрдүн аты-жөнү | мугалимдин кызмат-милдети | компетенттүүлүгү |
|---|---|---|---|
| 1 | Мамбетов Талайбек Керимбекович | УК төрагасы, адам ж-а коом, тарых мугалими | КР билим берүү отличниги, педстажы-21 жыл |
| 2 | Токтомамбетова Бурул Айнидиновна | УК жооптуу катчысы, башт. класс мугалими | Мектеп “Мыкты мугалим-2014” сынагынын жеңүүчүсү педстаж- 10 жыл, |
| 3 | Акымбаев Нурбек Токбаевич | УК мүчөсү, окуу-тарбия иштер боюнча директордун орун басары | КР профсоюз отличниги, педстажы – 24 жыл |
| 4 | Сагынова Гүлнара Зарылдыковна | УК мүчөсү, уюштуруу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | КР ББИМ Ардак грамотасы, райондук “Мыкты мугалим-2006” сынагынын номинанты, педстаж-23 жыл |
| 5 | Абирова Алтынкүл Алсеитовна | УК мүчөсү, насаатчы, математик-информатик | КР билим берүү отличниги, педстаж-28 жыл |
| 6 | Кабашова Айна Абыкеевна | УК мүчөсү, насаатчы, англис тилин окутуучу | КР билим берүү отличниги, ТКнун тренер мугалими, педстаж-30жыл |
| 7 | Тентиева Назгүл Яспековна | УК мүчөсү, “Башат” УБ жетекчиси, башталгыч класс мугалими | Мектептин “Мыкты мугалим” сынагынын номинанты, педстаж-24 жыл |
| 8 | Абдраимова Мира Кадыровна | УК мүчөсү, “Интеграл” УБ жетекчиси, математика окутуучу | Райондук “Мыкты мугалим-2009” номинанты, педстаж-18 жыл |
| 9 | Мурзаканова Салтанат Дүйшөналиевна | УК мүчөсү, “Сабат” УБ жетекчиси, кыргыз тили жана адабиятын окутуучу | Мектептин “Мыкты мугалим-2017” жеңүүчүсү, педстаж-16 жыл |
| 10 | Өмүралиева Рыскүл Исамүдүновна | УК мүчөсү, “Биосфера” УБ жетекчиси, география, адеп сабагын окутуучу | Мектептин “Мыкты мугалим” сынагынын номинанты, педстаж-9 жыл |

Усулдук кенешмелерди мектептин усулчусу Мамбетов Талайбек Керимбекович алып барат. Усулдук иштер атайын «Методикалык кенеш жонундо жобонун» жана «Методикалык бирикмелер бирикмелер жонундо жобонун” негизинде жүргүзүлөт. Предметтик багытка карата 4 усулдук бирикме уюшулган: “Башат” бирикмесин башталгыч класстар мугалимдери түзүп, Тентиева Назгүл жетектейт. “Интеграл” бирикмесин математика жана табыгий илимдер мугалимдери түзүп (9 киши), Абдраимова Мира жетектейт. “Сабат” усулдук бирикмесинде тил жана адабият багытындагы мугалимдер (11) болуп, Мурзаканова Салтанат жетекчилик кылат. “Биосфера” деп аталган социалдык, технологиялык жана маданий тарбиялык багыттагы предметтердин мугалимдеринен турган бирикме 9 кишиден туруп, Өмүралиева Рыскүл жетектейт. 2017-2018 – окуу жылына карата усулдук кеңештин иш планы төмөнкүдөй түзүлүп, талкуудан кийин бекитилди:

| **№** | **Иш мазмуну** | **Мөөнөтү** | **жооп-чотко ким жоoптуу** | **Компотенттүүлүк үчүн күтүлүүчү натыйжа** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | - Педкеңеште УК курамын бекитүү;<br>- жаңы окуу жылына УКтин проблемасын, максат- милдеттерин аныктоо | август-сентябрь | Жунусов Б.А. | курам бекийт, максат-милдеттер аныкталат |
| 2 | Педагогдун портфолиосунун формасын иштеп чыгуу. “Жылдын мыкты мугалими-2018” сынагынын жобосун жарыялоо | сентябрь | Мамбетов Т.К | Портфолионун формасы ар бир мугалим үчүн компьютерге киргизилет |
| 3 | Усулдук кеңешмелерди уюштуруу , протоколдоштуруу, документтерди тиркөө | ай сайын жана ишчара маалында | Токтомамбетова Б.А. | Мугалимдер усулдук жардам ж-а тажырыйба алышат |
| 4 | Жаш мугалимдердин сабактарына катышуу м-н аларга усулдук жардам көрсөтүү. Сабакка катышуу, байкоо жургүзүү баракчаларын толтурууну үйрөнүү | окуу жылында дайыма | УК мүчөлөрү | Жаш мугалимдер тажырыйба алат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5 | Башталгыч класстар окуучуларынын окуу техникасын, 5-11- класстар окуучуларынын окуп түшүнүүсүнө баа берүү | ноябрь, март | Тентиева Н.Я, Мурзаканова С.Д | Окуу техникасына критерий боюнча баа берилет |
| 6 | “Башат”, “Сабат”, “Интеграл”, Биосфера” усулдук бирикмелеринин иши м-н таанышуу | жыл ичинде | УК мүчөлөрү | УБ иштери жөнгө салынат |
| 7 | “Окутуунун демейки теориялары жана интерактивдүү усулдар” тренинг | октябрь | Мамбетов Т.К. | Катышуучулар мектептин максатын терең түшүнүп, айрым усул-ыкмаларды колдоно билет |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | “Баалоо усулдары” талкуу “Интерактивдүү тактаны колдонуу” тренинг | ноябрь | Мамбетов Т.К Кабашова А.А. | Жаш мугалимдер баалоо б-ча сабак алат, ТСО колдонгонду үйрөнөт |
| 9 | “Мугалимдерди аттестациялоо” тууралуу маалымат | ноябрь | Акымбаев Н.Т. | аттестациядан өтүү жобосу м-н таанышат |
| 10 | “Сабактан тышкаркы иштерди уюштуруу жана тарбиялык сааттарды өтүү проблемалары” тренинг-талкуу | декабрь | Сагынова Г.З. | Заманбап ж-а салттуу усул-ыкмалар б-ча тажырыйба алмашуу жүрөт |
| 11 | Мугалимдер арасында өзүн-өзү өстүрүү боюнча усулдук жардам алуу боюнча сурамжылоо жүргүзүү(анкета түзүү) ; ал боюнча иш алпаруу | октябрь - март | Мамбетов Т.К. | Анкета аркылуу көйгөйлөр ачыкка чыгат жана алар планга киргизилет |
| 12 | “Башталгыч класстарга сабак өтүү усулдарынын өзгөчөлүгү” баяндама б-ча дискуссия | декабрь | Тентиева Н.Я | Башталгыч кл. мугалимдери керектүү көндүмгө ээ болот |
| 13 | “Сабакта жана ишчараларда техкаражаттарды колдонуу” тренинг | 1-жарым жылдыкта | Абирова А.А. | Техкаражатты колдонуу көндүмүнө ээ болушат |
| 14 | “Логикалык-математикалык суроолорду сабакта | 2-жарым жылдыкта | Абдраимова М.К. | Логикалык суроо ж-а менталдык |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | пайдалануу жана Менталдык арифметика усулу “ баяндама | | | арифетика ж-дө маалымат алышат |
| 15 | “Окуп түшүнүү, сүйлөмдөрдү толуктоо, окшоштуктарды табуу ыкмасын кыргыз тили жана адабияты сабактарында пайдалануу” баяндама | 1-жарым жылдыкта | Мурзаканова С.Д. | Республикалык тестке даярдоо боюнча көндүмгө ээ болушат |
| 16 | “Табыгий жана гуманитардык багыттагы сабактарды өтүүнүн айырмачылыктары География,Адеп, тарых сабактарынын мисалында” баяндама | 1-жарым жылдыкта | Өмүралиева Р.И. | Айрым усул-ыкмалардын маанилүүлүгү келип чыгат |
| 17 | Декадаларды өткөрүү; Алдыңкы тажырыйба мектеби: мыкты мугалимдерден мастер-класс (15 мүнөттүк) | убагында | УБ жетекчилери | УБ мүчөлөрүнө; декаданын катышуучуларына баа берилет |
| 18 | Дидактикалык көрсөтмөлөр көргөзмөсү; аларды презентациялоо | апрель-май | Мамбетов Т.К, УБ жетекчилери | Мыкты колдонмо аныкталат |
| 19 | **Педагогикалык устакана**; мыкты иштелмелер, слайддар, сценарийлер, баяндамалар, рефераттар, илимий иштер, фото-баяндамалар ж.б. , сынагы | апрель-май | Мамбетов Т.К. | Алдынкы тажырыйбаны ММКга жарыялайт, китепче чыгарат, жайылтылат |

Ушул иш- пландын негизинде Усулдук кеңешме төмөндөгүдөй үч багытта иш алпарды:

- Мектептеги усулдук жана иновациялык иштерди уюштуруу процессин өнүгүүсүн көзөмөлгө алуу жана жетектөө.

- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу үчүн кесиптик курстан өткөрүү.

- Мугалимдер өзүнүн сабагын талдоонун усулдары менен тааныштыруу.

Ар бир усулдук бирикме оздорунун проблемалык темаларынын устундо иш жүргүздү. Методикалык кенешме жаны методикалык ыкмаларды үйрөтүү менен алдынкы тажрыйбалуу мугалимдердин иштерин жайылтат. Эн жакшы сабактын иштелмелерин чогултуп, методикалык кесиптерди тузушот. Усулдук бирикмелердин иштери учун шарттар тузулуп берилген. Ар бир усулдук бирикмедеги болмолор усулдук колдонмолор , техкаражаттар, карталар ,схемалар, корсотмо кураладр усулдук бурчтар менен жабдылган.

Методикалык иштер жакшы жолго коюлган, жаш мугалимдерге усулдук жардам беруу, алдынкы мугалимдердин иш тажрыйбасын жайылтуу, предметтик декадаларды оз денгээлинде откоруу, ар жыл сайын жылдын эн мыкты мугалимин тандап чыгаруу, мугалимдерди мумкунчулукко жараша атайын квалификацияларын жогорулатуучу курстарга жонотуу сыяктуу иштер оз денгээлинде жургузулдү. Ар кандай интерактивдуу усулдар менен тааныштыруу максатында методикалык кенешмелер откорулуп турат. 2017-2018 – окуу жылынын планына педагогдун портфолиосунун үлгүсүн республикалык критерийлерге ылайык иштеп чыкты. Ар бир тажырыйбалуу кеңештин мүчөсү жаш мугалимдерге ай сайын тренинг өтүп туруууга милдеттеништи. Мындай муктаждык жаш мугалимдер көбөйгөнүнө байланыштуу, сурамжылоо(анкетирование) аркылуу аныкталды. УК төрагасы Мамбетов Т.К. 2017-жылы, октябрь айында “Интерактивдүү усулдарды сабакта колдонуу” темасында тренинг, 2017-жылдын ноябрь айында “Окутуунун теориялары” темасында тренинг өттү. Тренер –мугалим Кабашова Айна 2017-жылдын декабрь айында “Сабакка максат коюунун проблемалары” аттуу тренинг өтүп, жаш мугалимдерге чоң сабак бере алды. Планда каралган башка ишчаралар экинчи жарым жылдыкка калтырылды.

Пландын негизинде педагогдун портфолиосунун бирдей формасы иштелип чыгып, жалпы мугалимдерге сунушталды. Республикалык “Жылдын мыкты мугалими-2017” сынагына тарых мугалими Мамбетов Т.К. талапкерлиги сунушталып, республикалык комиссияга заявка берилди. Заявка кеч берилгендиктен аталган талапкер сынакка катышпай калды. Усулчу мугалим Мамбетов Т.К. мектепти өнүктүрүү жана УК планы боюнча каралган “Окутуунун демейки теориялары жана интерактив усулдар” деген темада жалпы мугалимдерге тренинг өттү. Тренингде “Блуммдун таксономиясы”, “Сузанын модели”, “Глоссердин пирамидасы” ж.б. фокс-формулалар менен катар интрактивдүү усул-ыкмалар боюнча сабак алынды. “Жаш мугалимдерге эмне зарыл?” деген анкета түзүлүп, сурамжылоо жүргүзулдү. Анын негизинде 80% баалоо системасы боюнча, 10% сабакка максат коюу боюнча, 70% усул-ыкма боюнча, жана 7% педагогикалык психология боюнча кыйналып жаткандыктарын билдиришти. УК “Сабакка катышуу жана байкоо жүргүзүү дептери менен баракчасынын жалпыга бирдей формасын сунуштады. УК мүчөлөрү

жаш мугалимдердин сабактарына катышып, негизинен төмөнкү кемчиликтерди байкашкан: мугалимдин сабакта өзүн алып жүрүүсүндөгү, сабакты уюштура албагандыгы, убакытты туура пайдалана албагандыгы, конкреттүү максат коё албагандыгы, сабакты пландаштыра албагандыгы, ката кетирүүлөрү, өз предметин терең бибегендиги ж.б. Ошондуктан ар бир маселе боюнча УК мүчөлөрү жаш мугалимдер үчүн тренинг-сабак өтүүгө милдеттеништи жана бул иш-планга киргизилди. Окуп түшүнүү жана окуу техникасы боюнча башталгыч класстарда жана 5-11- класстарда текшерүү жүргүзүлүп, жыйынтык окуп түшүнүү "начар", ал эми окуу техникасы башталгыч класстарда "орточо" деген баага ээ болду. Ошондуктан китеп окууга көбүрөөк көңүл буруу керек экендиги мугалимдерге эскертилди. Жалпы республикалык тестирлөөгө бүтүрүүчүлөрдү даярдоо боюнча насаатчы мугалимдер; орус тилчи Джумабекова Г , кыргыз тилчи Токтомамбетова А, математик Абирова А Чолпон-Атада "Секамдын" атайын уюштурулган окуусуна катышышты. Бул боюнча бүтүрүүчү класстардын ата-энелери катышкан чогулуш болуп өтүп мектеп директору Жунусов түшүндүрмө берип, ЖРТга даярдоо боюнча график жана милдеттүү мугалимдер бекитилди. Төлөп окуй турган курстар сунушталды. УК мүчөсү, мектеп организатору Сагынова Г менталдык арифметика боюнча тренер чакырып, анын өтүү графиги жана катышуучу окуучулардын тизмеси аныкталды. Декабрь айында мектепти аккредитациялоо боюнча иш кагаздар менен иш алып баруу болду. Мугалимдердин өзүн-өзү баалоосу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, Т.Мамбетов атайын жыйналыш уюштурду.

Усулдук кеңеш төрагасы Мамбетов Талайбек.


## Башталгыч класстардын мугалимдеринин "Башат"усулдук бирикмесинин

## анализ-мониторинги

Лидер:Тентиева Н.


Математика сабагы

| Классы | Жылдык | I чейрек | II чейрек |
|---|---|---|---|
| 3-а | 32% | 36% | 36% |
| 3-б | 30% | 30% | 30% |
| 4-а | 40% | 45,1% | 45,1% |
| 4-б | 34% | 35,4% | 35,4% |




Кыргыз тили сабагы

| Классы | Жылдык | I чейрек | II чейрек |
|---|---|---|---|
| 3-а | 34% | 32% | 32% |
| 3-б | 30% | 30% | 34,7% |
| 4-а | 40% | 45,1% | 48,3% |
| 4-б | 34% | 35,4% | 35,4% |




**Анализ**

**3-а классында** 2-чейректе математика, кыргыз тили сабагынан озгоруу болгон жок.

**3-б классында** 2-чейректе кыргыз тили сабагынан +4,7% га осуу болду. Себеби Минбаев Мухаммед кошумча сабакка катышып, тапшырмаларды туура аткарды.


**4-а классында** 2-чейректе математика сабагынан озгоруу болгон жок, кыргыз тили сабагынан +3,2% га осуу болду. Себеби кошумча сабактын негизинде Шайдинова Айжанда жакшы жетишкендик болду.

**4-б классында** 2-чейректе озгоруу болгон жок.

**Табыгий жана так илимдер мугалимдеринин«Интеграл» усулдук бирикмесинин жарым жылдык боюнча анализ-мониторинги**

Лидер: Абдыраимова М.

| № | Предметтер | 1-чейрек | 2-чейрек |
|---|---|---|---|
| 1 | Математика | 35,4% | 36,5% |
| 2 | Алгебра | 28,7% | 28,4% |
| 3 | Геометрия | 28,8% | 29,5% |
| 4 | ОИВТ | 42,1% | 43,8% |
| 5 | Химия | 43,1% | 39,8% |
| 6 | Физика | 35,6% | 37,2% |
| 7 | Биология | 48,4% | 49% |
| 8 | География | 43,4% | 42,6% |




**Анализ**

Матем. предмети боюнча 1,1% га осуу болду. Себеби 5-а кл. окуучусу Сабырбекова менен 6-а кл. окуучусу Мамырбеков кошумча тапшырмаларды аткаруу менен жетишишти.

Алгебра предмети боюнча 0,3% га тушу болду. Себеби 8-кл. окуучусу Керимбекова А. оз алдынча иштоого жетише алган жок.

Геометрия предмети боюнча 0,7%га осуу болгон. Себеби 10-кл. окуучсу Сакешов Б. кошумча тапшырмаларды аткаруу менен жетишти.

ОИВТ предмети боюнча 1,7%га осуу болгон.себеби 9-а кл. окуучусу Максат кызы А. кошумча сабактарга катышып, жетише алды.

Химия предмети боюнча 3,3%га томондоо болду. Себеби 9-кл. окуучусу Керимбеков менен Рысбек уулу С. лабораториялык иштерди аткарууда жетише алган жок.


Физика предмети боюнча 1,6% га осуу болду. Себеби 8-кл. окуучусу Мамбетова оз алдынча иштоо менен жетишти.

География предмети боюнча 0,8% га томондоо болгон. Себеби 6-б кл. окуучсу Эсенбекова, Жуконов ондуу окуучулар берилген тапшырмаларды оз алдынча иштоодо жетише алган жок.

**Тил жана адабият мугалимдеринин «Сабат»усулдук бирикмесинин жарым жылдык анализ-мониторинги**

Лидер: Мурзаканова С.

| Предмети | Жылдык | I чейрек | II чейрек | III чейрек | IV чейрек | Жылдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тили | 48,2% | 41,6%% | 46% | | | |
| Кыргыз адабияты | 52,9% | 43,6% | 46% | | | |
| Орус тили | 49,5% | 42,3% | 40,1% | | | |
| Орус адабияты | 53% | 39,4% | 46,2% | | | |
| Англис тили | 36,4% | 32,4% | 35,3% | | | |




Анализ

Кыргыз тили боюнча 4,4% өстү. Себеби, 6-а класстын окуучусу Жумакадырова А. кошумча сабактарга катышып жакшы өздөштүрдү. 6-б кл. окуучусу Демербеков У. Жакшы өздөштүрдү. 7-б кл. окуучусу Арыкбаев У.+0,02%га өстү.

Адабият боюнча 5-а кл. Болоткадыров Б. кошумча сабактарга катышып жакшы оздоштурду.

Орус тили боюнча 7-б кл. окуучусу Кубатбеков Б. сабакты себепсиз көп калтыргандыгына байланыштуу, өздөштүрүүсү начар болду

Орус адабияты боюнча осуу +6,8% болду. Себеби 4-б класста Абдыкадыров Д. берилген тапшырмаларды убагында аткарганына байланыштуу. 4-а кл. Демербекова А. жакшы оздоштурду. 3-б кл. Минбаев 3,4%га осту. 3-а кл. Омурбекова А., Жыпарбекова осту. 4-а кл. Озгорушова А. осту. Себеби кошумча сабактарга катышты.


Англис тили боюнча осуу +2,9% бодду. 5-б кл. Каниметов Ж. предметке кызыгуусу осту. 9-а кл. Эркинбекова Д., Асанов С. оозеки зачёттук сабакты тапшырып 4 чыгышты.

**“Биосфера” усулдук бирикмесинин жарым жылдык анализ-мониторинги**

Лидер: Өмүралиева Р.

| Предмети | Жылдык | I чейрек | II чейрек | III чейрек | IV чейрек | Жылдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргызст.тарыхы | 47,4% | 42,8% | 43,1% | | | |
| Дүйнө тарыхы | 38,8% | 40,1% | 43,1% | | | |
| Адам жана коом | 46,4% | 46,5% | 48,9% | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Көркөм өнөр | 84,2% | 80,6% | 81,6% | | | |
| Чийүү | 47,2% | 37,4% | 37,4% | | | |
| Эмгекке үйрөтүү | 81% | 73,4% | 62,3% | | | |
| Дене тарбия | 83,2% | 95,6% | 96% | | | |
| Музыка | 80,1% | 57,2% | 62,8% | | | |
| Адеп | 52,5% | 47,3% | 51% | | | |
| ТТКН | 48% | 61,3% | 57,6% | | | |




## Анализ:

Кыргызстан тарыхы предмети боюнча билим денгээлинин көрсөткүчү былтыркы жылга салыштырмалуу 1,7% төмөндөдү,себеби 2-чейректе көбүрөөк талаптар коюлуп, алар аткарылган эмес. Дуйну тарыхы предметине кызыгуу көбүрөөк болгонуна байланыштуу билим денгээли 3%  өсүштү түздү.Себеби, ар бир класста бирден окуучу бир тепкичке көтөрүлдү десек болот. Б.а. 1-чейректе “3” алган 4 окуучуга “4” деген баа коюлду. М;  9-б кл окуучусу Керимбеков Курманбек, 9-а класстан Каныбек кызы Алина, 10-класстан Муратова Элнура, 6-а класстан Аскарбекова Аксана. Ал эми Адам жана коом (Экономикага киришүү) сабагы боюнча да өсүш  байкалып, ал +2,4 % ды түздү.  Бул 9-б кл. окуучусу Таалайбекова  Айана “4” деген баага жетишкенине байланыштуу болду.

Чийуу предметинен өзгөрүү байкалган жок.

Адеп предметинен  +3,7% өсүү 7-б кл жакшы окуган окуучу Айтпаева М келгендигине байланыштуу.Көркөм өнөр предмети боюнча 1% , музыка 4,6% өсүү 6-б

кл. окуучулары Акматжанова М,Демербеков У,Бообекова А берилген тапшырманы убагында аткаруусу менен жогорулады.

Эмгекке үйрөтүү предметинен -1,1% төмөндөөсүнүн себеби, 4-кл быйыл 5-кл болуп предметти жаңы өтүшүүдө... Буга кошумча окуу устаканасында курал жарактардын жоктугу - окуучулардын жетишүүсүнө таасир берип жатат.

Дене тарбия боюнча жалпы + 0,4% өсүү болду. Себеби, окуучулардын спортко болгон кызыгуусу жакшы, нормативдерин жогорку деңгээлде тапшырышты.

ТТКН предметинен -3,7% төмөндөө орун алды. Себеби, 7-а кл. Дүйшөбеков С, Талайбекова А, 5-б кл Боронбаева жакшы жетише албай "орто" деген баа алып калышкан

VII. Пед. кеңешме. Директор алдындагы кеңешме

Пед.кеңешме боюнча 29.08.2017-жылы №1 пед.кеңешме болуп өтүп, төмөндөгү маселелер каралды:

1) 2016-2017-окуу жылына карата анализ;
2) 2017-2018-окуу жылына карата милдеттер, максаттар;
3) функционалдык милдеттерди бекитүү;

09.11.2017-жылы №2 пед.кеңешме болуп, төмөндөгү маселе каралды.

1) 1-чейректин жыйынтыгы боюнча окуу, тарбия иштеринин абалы;
2) тарбиялык иштердин абалы.

Пед.кеңешмеде ушул эки маселе боюнча аткарылган иштердин жыйынтыгы чыгарылып, кемчиликтерге тиешелүү чаралар көрүлдү.

Директор алдындагы кеңешме боюнча сентябрь айында кыргыз тили жана адабияты сабактары боюнча билим сапатын жогорулатуу жана жаш адистердин иш тажрыйбасын өстүрүү максатында кыргыз тили жана адабияты мугалими А.Токтомамбетованын иш тажрыйбасын жайылтуу иш чаралары жүргүзүлдү.

Сапаттуу билим берүүдө интернет булагынан алынган маалыматтарды сабакта колдонууну жүргүзүү иштери каралды.

Октябрь айында жаран таануу мугалими Мамбетов Т. жана тарых мугалими Г.Сагынованын иш тажрыйбасын жайылтуу иш чаралары жүргүзүлдү.

Физика, химия, биология, география, тарых, орус тили, чет тили, математика сабактарында окутууну жакшыртуу максатында жаңы технологияларды колдонуу менен сабак өтүү иштери каралды.

"Кызыгуу менен окуйбуз" китеп дүйнөсү боюнча 5-8-класстарда конференция өткөрүү.

Мектеп ичиндеги негизги предметтер аралык олимпиаданы өткөрүү жана райондук олимпиадага даярдоо иштери.

“Адеп, ыйман жана маданият” жылына карата өтүлгөн иш чаралардын жыйынтыгын чыгаруу.

1-жарым жылдык боюнча башталгыч класстарда кыргыз тили, математика сабактары боюнча административдик текшерүү иштерин жүргүзүү.

VIII. Ата-эне жана коомчулуктун салымы

Мектептин “Ынтымак” кам көрүү кеңеши тарабынан мектеп ашканасынын 35даана отургучтарына 35даана көпчүк төшөктөр алынды. Окуучулардын тестирлөөгө, олимпиадаларга барып, келүүсүнө жол кире, материалдык –техникалык жабдуулар жана жаңы жылдык балаты майрамын өткөрүүдө балдарга белектер алынып берилди.

IX. Окуу материалдарын чыңдоо жана инвестиция тартуу

1. Жеке ишкер Кентибаев С. тарабынан окуу китептери-286 даана
2. Жеке ишкер Эркинбаев Мирлан тарабынан адабий китептер-265 даана
3. Стим грант мектеп имаратынын терезелери пластик терезеге алмашылды. 1 989 000 сом.
4. Чолпон-Ата ш. мэринин орунбасары Байгазиев Алмаз
   Окуу китептер:

   Манас Алиппеси-35 даана

   Табышмактар-37 даана

   Тамгалар ырдайт-35 даана
5. Электр жарык берүү системасын жаңылантуу.
6. Долбоор жазуу, демөөрчү издөө.
7. Ысык тамак берүүгө өтүү үчүн ашкананы капиталдык ремонттон өткөрүү жана жабдуу.

Директор: Жунусов Б.